- абонентке берилген ичүүгө жарактуу суу жана агымдарды кабыл алуу эсепке алуусун жүргүзүү;

- Эсеп орнотулган аспаптардын көрсөтүүлөрдү боюнча жүргүзүлөт,эгерде аспаптар жок болсо бекитилген нориалардын негизинде

- эсептөө аспаптары жок абоненттерге (бир жылда бир жолу) курамынын,суукеректөөчүлөрдүн санын текшерүү;

- абоненттерди борбордуксуукамсыздоо жана канализациялык системасынын иштешинин бузулуусу жөнүндө маалымдоо,суукамсыздоо же суукетирүү чектелишине байланыштуу;

- берилген милдеттерин аткарбаса(туура эмес аткарса) абонентке келтирилген зыянды төлөп берет;

3.8. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ жумушчуларынан башкаларга суу түтүк жана канализациялык кудуктардын люктарын ачууга, түртмөлөрдү жөнгө салууга,ошондой эле суутүтүк жана канализациялык тармактарда жумуштарды өткөрүүгө тыюу салынат;

3.9. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ коммуналдык менчикте турган суу түтүк-канализациялык тармактарды колдонуу жана алардын абалына системалык көзөмөл жүргүзөт,ичүүгө жарактуу суунун жоготуулары менен күрөшүү жүргүзөт,ичүүгө жарактуу сууга коюлган лимттерди сактоону көзөмөлдөйт;

## 4. ИЧҮҮГӨ ЖАРАКТУУ СУУНУН ЖАНА КАНАЛИЗАЦИЯЛЫК АГЫМДАРДЫН ЭСЕП АСПАПТАРЫН ЖАНА КОЛДОНУУ.

4.1. Суу түтүк жана канализациялык тармактагы ичүүгө жарактуу суунун жана канализациялык агымдардын эсеп аспаптарынын жайгашкан орду "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ менен макулдашылат.

4.2. Суу түтүк киргизмелерде жана канализациялык тармактардын чыгарууларында орнотулган суунун жана агымдардын эсеп аспаптары суунун минималдуу жана максималдуу чыгашасына ылайык болуш керек.

4.3. Ар бир суу колдонуучунун (абоненттин) киргизмесинде милдетүү түрдө ичүүгө жарактуу суу аспабы орнотулат. Имараттар жана курулмалар бар ишканалар жана уюмдар суу эсептөө аспабын шаардык тармактардын туташуу точкасына орнотот. Эки шакектүү киргизме болсо ар бир киргизмеде артки планы бар эсептөөчү аспап коюлат. Ичүүгө жарактуу сууга жана агымдарга эсеп аспаптарынын сатып алуусу жана орнотулушу Кыргыз Республикасынын мыйзамынын эрежелеринин 3.6.пунктуна ылайык өндүрүлөт.

4.4. Сууну эсептөө аспабын орнотуш үчүн имараттын ичин текшерүүгө жана көрсөткүчтөрдү алууга оңой,жакшы жарыкталган,жылууланган,аспаптын төнүшүн алдын алуу үчүн,суулардын жана таштандылардын кирдеп калышынан жана бузулушунан корголуш